**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ**
**ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ТОО-КЕН ТЕХНОЛОГИЯЛЫК КОЛЛЕДЖИ**

# 23-СЕНТЯБРЬ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ КҮНҮНӨ КАРАТА ӨТКӨРҮЛГӨН ИШ-ЧАРАНЫН ОТЧЕТУ

**Уюштуруучу: ТКТКнин кыргыз тил мугалими**
**Орозова Ж.Т.**

Бишкек 2022

**23-сентябрь** Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил күнү. Мындан туура 32 жыл мурун, тактап айтканда, 1989-жылы 23-сентябрда Кыргыз ССРинин Жогорку Совети «Кыргыз ССРинин мамлекеттик тили жөнүндө» мыйзамын кабыл алып, андан соң кыргыз тилине Мамлекеттик тил макамын берген. Бул мыйзам 2004-жылы Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан жаңыланып, анда кыргыз тили мамлекеттик тил, ал эми орус тили расмий тил деп жарыяланган.

Кыргыз тилине Мамлекеттик тил макамынын берилиши-адилеттүүлүктү калыбына келтирүүгө, ошону менен бирге коомдун руханий жаңылануусуна, жаңыча ой жүгүртүүсүнө, эне тилдин кадырын көтөрүүгө ташталган зор кадам болгон.

Мына, ошол күндөн бери, 23-сентябрь-кыргыз тил майрамы катары белгиленип келет. Бул күнү билим берүү мекемелеринде кыргыз тили боюнча ар кандай сынактар уюштурулуп, концерттик программалар менен коштолот.

Ушул майрамды утурлай, Университеттик деңгээлде атайын иш-чаралар өткөрүлүп, кыргыз тилин өнүктүрүү, үйрөтүү максатында 23-сентябрьда Тоо-кен технолдогиялык колледжинде «Улуттун улуулугу-тилинде» аттуу темада атайын адабий-музыкалык иш-чара болуп өттү.

Иш-чарага колледждин 1чи жана 2чи-курсунун студенттери, ТКТкнин директору Аракеев М.У., университеттин Мамлекеттик тил жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары Алтымышбаева Л.К., ТКТКнин тарбия иштери боюнча директордун орун басары Ташполотов К.М. жана колледждин мугалимдери катышты.

Залдын ичи ар кандай тил күнүнө тиешелүү сүрөттөр, плакаттар, шариктер,  техникалык жабдыктар менен коздолду (1-сүрөт).

Тоо-кен технологиялык колледжинин «Колдонмо геодезия», «Геофизика», «Ачык тоо-кен иштери», «Маркшейдердик иш», «Электр машиналары жана аппараттары» группаларынын студенттери өздөрүнүн чыгармачылык жөндөмдөрүн көрсөтүштү (2, 3-сүрөттөр).



Сүрөт 1. Тоо-кен технологиялык колледжинин мугалимдери жана студенттери




Сүрөт 2. Студенттер тарабынан Тил күнүнө карата тартылган чыгармычылык плакаттары




Сүрөт 3. Адабий-музыкалык иш-чаранын Тил күнүнө карата патриоттук сезимди кучөткөн студенттердин тарткан сүрөттөрү

Алгач, кеченин журүшү Мамлекеттик тил Гимнин аткаруу менен башталып, андан соң Жалил Сыдыковдун «Манастын уулу Семетей» драмасынан үзүндү аткарылды (4-сүрөт).



Сүрөт 4. «Манастын уулу Семетей» драмасынан үзүндү

Драмадагы Семетейдин ролун ПГк(9)-1-22 группасынын студенти Ашыркулов Нурсултан, Сарытаздын ролун  МДк(9)-1-22 группасынын студенти Сатыбеков Зарылбек жана Каныкейдин ролун ПГк(9)-1-22 группасынын студенти Мелисова Жанара жогорку деңгээлде мыкты аткарылып өздөрүнүн  чыгармачылык жөндөмдөрүн көрсөтүштү (5-сүрөт).




Сүрөт 5. «Манастын уулу Семетей» драмасынан үзүндү

Кыргыз тил жөнүндөгү көркөм окууда ПГк(9)-1-22 группасынын студенти алманбетов Мирсаид, ЭМАк(9)-1-22 группасынын студенти Медербеков Калыс, ОГРк(9)-1-22 группасынын студенттери Бөрүбаев Тынай, Сапарбаев Жоодар, Аскаров Жаныш, Бейшенов Акылбек, Аалыев Айдар ыр саптарынын маңызын, мазмунун көрүүчүлөргө жеткире айтуу менен айырмаланышты (6-сүрөт).

Кеченин жүрүшү кыргыз бийи, кыргыз ырлары менен да коштолуп, аягында «Кыргызстаным» аттуу ыр менен жыйынтыкталды (7-сүрөт).



Сүрөт 6. Тоо-кен технологиялык колледжинин студенттери



Сүрөт 7. Тоо-кен технологиялык колледжинин бийчи студенттери

Активдүү катышкан студенттерге ТКТКнин атынан «Мактоо баракчалары» тапшырылды (8-сүрөт).



Сүрөт 8. Адабий-музыкалык иш-чаранын катышуучулары

Адабий-музыкалык иш-чарада уюштурган кыргыз тили жана адабияты мугалими Ж.Т. Орозовага, өз жөндөмдүүлүктөрүн көргөзө билген алдыңкы студенттерге администрация тарабынан ыраазычылык билдирилди (9-сүрөт).




Сүрөт 9. Адабий-музыкалык иш-чаранын жыйынтыкталышы